**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ**

720011, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 469
Тел.: +996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г.Бишкек, ул. Фрунзе 469
Тел.: +996 (312) 26-60-66
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

13 12 21 №1/М-241
08.12.2021-ж. № 09-08/1455 катына

**Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.Малиевдин, арызы каралып чыгып, төмөнкүлөрдү билдиребиз.

2021-жылдын 7-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.К.Малиев, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына арыз менен кайрылып, анда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты С.Ибраевге көңүл бурууну жана тиешелүү чараларды көрүүнү өтүнгөн. Кайрылуунун себеби, ал Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына шайлоону өткөрүү мезгилинде, Тоң районунда 2021-жылдын ноябрь айында Тоң №34 бир мандаттуу округунан талапкер А.Малиев тарабынан 30 миң АКШ доллар Муканбетов Серен, Каниметов Өмүрбек жана Берен аттуу адамдар, добуштарды сатып алуу максатында, акча жана тамак-аш пакеттерин калк арасында таркатуу менен алектенишкен деп, жалган билдиргенин көрсөткөн. Ал өз арызында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты С.Ибраевтин билдирүүсүн эске алуу менен, Тоң районунда 2021-жылдын ноябрь айында шайлоо өткөрүү мезгилинде, А.Малиев тарабынан бир мандаттуу №34 округ боюнча шайлоо өткөрүү учурунда сатып алуу фактылары орун албагандыгын тастыктап, ошол себептен, С.Ибраевди чындыка туура келбеген, эч бир далили жок жалган маалымат таркаткандыгы үчүн, мыйзам чегинде чара көрүп берүүнү суранган.

2021-жылдын 9-декабрында аталган окуя боюнча материал Тоң РИИБнин МЭЖне №02-018-2021-000874 саны менен катталган.

Азыркы учурда, тергөөгө чейинки текшерүү иши Ысык-Көл областык ИИБнын Тергөө кызматы тарабынан көзөмөлгө алынып,

Тоң райондук ИИБнин Тергөө кызматы тарабынан тиешелүү тергөө амалдары толук кандуу жүргүзүлүп жатат, жыйынтыгы менен Кыргыз Республикалык ЖПКнын талаптарына ылайык мыйзамдуу чечим кабыл алынат.

Арыз ээсине тийиштүү жооп жиберилди.

**Министрдин орун басары** **О. Урмамбетов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР**
**МИНИСТРЛИГИ**

**ТЕРГӨӨ КЫЗМАТЫ**

720011, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 469
Тел.: +996 (312) 26-62-52
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

**МИНИСТЕРСТВО**
**ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**СЛЕДСТВЕННАЯ СЛУЖБА**

720011, г. Бишкек, ул. Фрунзе көчөсү, 469
Тел.: +996 (312) 26-62-52
Факс: +996 (312) 26-60-69
e-mail: secretariat@mvd.kg

№ 3/М-263 «13» 12 2021-ж/г.

**А.Малиевге**
*Бишкек шаары* [redacted]

Кыргыз Республикасынын ИИМдин Тергөө кызматы тарабынан Сиздин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаты С.Ибраевге карата жазган арызыңыз каралып чыгып, төмөнкүлөрдү билдиребиз.

2021-жылдын 9-декабрында Сиздин арызыңыз боюнча, Тоң РИИБдин МЭЖне №02-018-2021-000874 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү иши катталган.

Азыркы учурда, тергөөгө чейинки текшерүү иши Ысык-Көл областык ИИБнын Тергөө кызматы тарабынан көзөмөлгө алынып, Тоң райондук ИИБнин Тергөө кызматы тарабынан тиешелүү тергөө амалдары толук кандуу жүргүзүлүп жатат, жыйынтыгы менен Кыргыз Республикалык ЖПКнын талаптарына ылайык мыйзамдуу чечим кабыл алынат.

**Бөлүмдүн начальниги** **С.Макилов**

[redacted]